ОшМУнун ректору
профессор К.Г. Кожобековго
Окуу бөлүмүнүн башчысы
И.Н. Атабаев

Дата: 23.05.23-ж.
№ 83

# Кызматтык кат

Урматтуу Кудайберди Гапаралиевич, 2022-2023-окуу жылы аяктап жаткандыгына байланыштуу жана жаңы 2023-2024-окуу жылына даярдык көрүү максатында окуу бөлүмүнүн иш планына ылайык окуу процессин уюштурууга байланыштуу тиешелүү негизги документтерди даярдоо жана аткаруу графиктерин бекитүүнү колдоп берүүнүздү суранам.

Билим берүү программаларын өздөштүрүүдө студенттердин жетишкендиктерин баалоо модулдук-рейтингдик системасында жана ECTS кредиттик система боюнча окуу процессин уюштурууда Окуу бөлүмү тарабынан колдонулган университеттин негизги документтери төмөнкүлөр болуп саналат:

1. Университетте ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын бакалавр, магистр жана адистерди даярдоо боюнча ***мамлекеттик билим берүү стандарттары***;
2. Университетте ишке ашырылуучу бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***негизги билим берүү программалары*** **(НББП)**;
3. Бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***дисциплиналардын каталогдору, окуу пландары, жумушчу окуу пландары***;
4. Университеттин AVN MCна жүктөө үчүн бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***окуу дисциплиналарынын силлабустары***;
5. Иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алуу менен тиешелүү бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча МББСнын негизинде иштелип чыккан ***практикалардын программалары***;
6. Университетте ишке ашырылуучу бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***семестрдик окуу пландары, модуль/негизги сессиянын жана экзамендерди кайра тапшыруу графиктери***;
7. Университетте ишке ашырылуучу бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***студенттердин дисциплиналар жана окутуучуну тандоо системасы жана графиктери***;
8. Университетте ишке ашырылуучу бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***электрондук журнал*** (2022-23-окуу жылынын жыйынтыгы менен электрондук журналдарды толтуруу протоколдору жооптуу адамдардын колу менен окуу бөлүмүнө тапшырылуусу зарыл (басма түрүндө));
9. Университетте ишке ашырылуучу бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча студенттердин ***өздөштүрүү жыйынтык ведомосттору*** (деканат тарабынан акыркы семестрде студенттердин өздөштүрүү жыйынтык ведомостторунун өз убагында жабылышы (кагаз жана электрондук варианттар));
10. Университетте ишке ашырылуучу бакалавриат, магистратура жана адис багыттары боюнча ***кафедралардын жарым жылдык (семестрдик) эсеп-кысабы***;

Студент жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар менен ОшМУнун маалымат системасы аркылуу же университеттин каттоо кеңсеси аркылуу тааныша алышына шарт түзүү жаңы 2023-2024-окуу жылына пландаштырылууда. Окуу бөлүмү тарабынан жогоруда белгиленген тиешелүү негизги документтерди даярдоо жана аткаруу графиктери тиркелет.

**Окуу бөлүмүнүн башчысы:** **Атабаев И. Н.**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ОКУУ БӨЛҮМҮ
ДОКУМЕНТТЕР ҮЧҮН

"Бекитемин"
ОшМУнун ректору,
профессор К.Т. Кожобеков
_____________
"___"_________2023-ж.

**ОшМУнун 2023-2024-окуу жылына окуу процессин уюштуруу максатында тиешелүү негизги иш-кагаздарын даярдоо жана аткаруу графиктери**

| № | Иш -кагаздары | Аткаруу мөөнөтү | Жоoптуулар | Макулдашуу жана бекитүү | Чечим | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мамлекеттик билим берүү стандарттары | 01.06.23-ж. чейин | Билим берүү программалары боюнча бүтүрүүчү кафедралар (кафедра башчылары | Окуу-методикалык бирикме, ОМБнин төрагасы | Окумуштуулар кеңешинин чечими | Окумуштуулар кеңешинин чечими |
| 2 | Негизги билим берүү программалары (НББП) | 01.06.23-ж. чейин | Программа жетекчилери | Окуу-методикалык комитет, ОМК төрагасы | Окумуштуулар кеңешинин чечими | Окумуштуулар кеңешинин чечими |
| 3 | Окуу пландары | 01.06.23-ж. чейин | Декандын окуу иштери боюнча орун басары | Бүтүрүүчү кафедра башчылары, программа жетекчилери, ОМК төрагасы (декан), окуу бөлүмүнүн начальниги, ОМБнин төрагасы, ректор | Окумуштуулар кеңешинин чечими | Окумуштуулар кеңешинин чечими |
| 4 | НББП боюнча дисциплиналардын каталогу | 01.06.23-ж. чейин | Декандын окуу иштери боюнча орун басары | Бүтүрүүчү кафедра башчылары, программа жетекчилери, ОМК | Окумуштуулар кеңешинин чечими | Дисциплиналарга код коюуга жооптуу- окуу |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | төрагасы (декан), сапат бөлүмүнүн башчысы | | бөлүмүнүн адиси Оморбаева Аксана |
| 5 | Жумушчу окуу пландары | 07.06.23-ж. чейин | Декандын окуу иштери боюнча орун басары | Кафедра башчылары, декан, окуу бөлүмүнүн начальниги, окуу иштери боюнча проректору | | AVN 11 программасына киргизүү менен (басма менен электрондук варианты шайкеш келүүсү зарыл) |
| 5 | Окуу дисциплиналарынын силлабустары | 01.06.23-ж. чейин | Окутуучу, кафедра башчылары | Кафедра башчылары, ОМКнин төрагасы, декан | Окумуштуулар кеңешинин чечими | Окутуучулардын тандоого катышууга билдирүү берүүсү менен бирге даярдалат |
| 6 | Практикалардын программалары жана графиктери | 10.06.23-ж. чейин | Практика боюнча декандын орун басарлары | Программа жетекчилери, декан, педагогикалык жана өндүрүштүк практика жетекчилери | Окумуштуулар кеңешинин чечими | Практиканын графиктери, отчет тапшыруу жана AVN 28 программасына бааларын түшүрүү графиктерин бекитүү менен! |
| 7 | Семестрдик окуу пландары | 12.06.23-17.06.23 | Декандын окуу иштери боюнча орун басары | Инспектор, декан, окуу бөлүмүнүн начальниги, окуу иштери боюнча проректору | Окуу иштери боюнча проректору | Электрондук тартипте бекитүү |
| 8 | Модуль<br>Негизги сессиянын графиктери<br>Экзамендерди кайра тапшыруу графиктери | 19.06.23-24.06.23 | Декандын окуу иштери боюнча орун басары | Инспектор, декан, окуу бөлүмүнүн начальниги, окуу иштери боюнча проректору | Окуу иштери боюнча проректору | Электрондук тартипте бекитүү |
| 9 | Окутуучулардын тандоого катышууга кайрылуусу жана эл. программаны толтуруусу | 12.06.23-17.06.23 | Декан, кафедра башчылары, окуу бөлүмүнүн оператор-администратору Жумабай уулу Нургазы | Кафедра башчылары, декан, кадрлар бөлүмүнүн башчысы | Окуу иштери боюнча проректору | Окутуучулардын тандоого катышууга билдирүүсүндө (заявка) саат жүктөмү (ставкасы) менен бирге кайрылат |

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ОКУУ БӨЛҮМҮ
ДОКУМЕНТТЕР ҮЧҮН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | **Студенттердин дисциплиналар жана окутуучуну тандоо графиктери;** | 19.06.23-24.06.23- | Декан, декандын окуу иштери боюнча орун басары, кафедра башчылары, окуу бөлүмүнүн оператор-администратору Оморбаева А. | Кафедра башчылары, декан, окуу бөлүмүнүн башкы адиси | Окуу иштери боюнча проректору | Факультеттер тарабынан студенттерге "Маалымат каталогу/пакети" даярдалат. (ИП-Информационный пакет ОшМУнун сайтынан карайсыз) |
| 11 | **Кафедралардын жаңы окуу жылына пландаштырган саат жүктөмдөрү (алдын-ала саат эсеби)** | 19.06.23-30.06.23 | Кафедра башчы, декан, окуу бөлүмүнүн башкы адиси | Кафедра башчы, декан, окуу бөлүмүнүн башкы адиси, окуу бөлүмүнүн начальниги | Окуу иштери боюнча проректору | Кафедралардын пландык саат жүктөмдөрү AVN 6 программасына киргизүү менен (басма менен электрондук варианты дал келүүсү зарыл) |
| 12 | **Өздөштүрүү жыйынтык ведомосттору** | 12.06.23-24.06.23 | Каттоо кеңсесинин адиси (методист), декандын окуу иштери боюнча орун басары, декан | Декан, каттоо кеңсесинин адиси (методист) | Окуу бөлүмүнүн начальниги | Деканат тарабынан акыркы семестрде студенттердин өздөштүрүү жыйынтык ведомостторунун өз убагында жабылышы (кагаз жана электрондук варианттар) |
| 13 | **Электрондук журнал** | 26.06.23-30.06.23 | Окутуучу, кафедра башчы, декан, окуу бөлүмүнүн инспектору | Кафедра башчысы, декан, окуу бөлүмүнүн башкы адиси | Окуу бөлүмүнүн начальниги | Окуу жылынын жыйынтыгы менен электрондук журналдарды толтуруу протоколдору жооптуу адамдардын колу менен окуу бөлүмүнө тапшырылуусу зарыл (басма түрүндө) |
| 14 | **Семестрдик отчет** | 26.06.23-30.06.23 | Кафедра башчы, декандын окуу иштери боюнча орун басары, | Кафедра башчысы, декан, окуу бөлүмүнүн башкы адиси | Окуу бөлүмүнүн начальниги | Семестрдик отчет эл. почта аркылуу окуу бөлүмүнүн инспекторуна текшерүүгө жөнөтүлөт, |

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ОКУУ БӨЛҮМҮ
ДОКУМЕНТТЕР ҮЧҮН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | окуу бөлүмүнүн инспектору | | | тапшырылган отчет ОшМУнун сайтына илинет (https://www.oshsu.kg/ru/page/254) |

**Окуу бөлүмүнүн начальниги:** **Атабаев И. Н.**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ОКУУ БӨЛҮМҮ
ДОКУМЕНТТЕР ҮЧҮН